**Өмүрбек Дөлөев**

# Ак Мөөр-

## Акталаанын айпериси



ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВ

# АК МӨӨР - АКТАЛААНЫН АЙПЕРИСИ

БИШКЕК - 2005
«УЧКУН» ААК

ББК 63.3(2Ки)
Д 97

Ө.Долоев.
Д 97 Ак Моор - Акталаанын айпериси
Б.: «Учкун», 2005 - 112 б.

ISBN 9967 - 413-52-2

*Автор бул жыйнагында Жантай хандын жубайы Ак Моор жөнүндө анын өз деңгээлинен ашыкча, апыртылып айтылып келген ар кандай калпыс пикирлерге чекит коюуну көздөйт. Китепте Моордун Акталаада туулуп-өскөнү, ата-теги, ага-туугандары, сулуунун Жантайдан көргөн перзенттери, Моор жөнүндөгү турмуш чындыгына коошкус жалган айтылыштар жөнүндө астейдил, адамкерчиликтүү, нарк-нускаанын негизиндеги сөз козголот. Жыйнак тарыхый жактан мааниге ээ болуп, окурмандар үчүн кызыктуу, эч кимди кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз.*

ISBN 9967 - 413-52-2

ББК 63.3 (2Ки)
© Долоев Ө., 2005
© «Учкун», 2005

## ЭЛЕТТЕ ЖАШАП,
## ЭЛГЕ ЭМГЕК ЖАСАП

Өмүрбек Дөлөев 1970- жылдан бери Акталаа райондук «Айыл турмушу» гезитинде иштеп, ошол жерден агарып-көгөрүп, өзүнүн тоо суусундай татына чыгармалары менен окурмандарын да агартып-көгөртүп дегендей, эли-жери үчүн элетте жашап, иштеп деле эң сонун эмгек жасаарды айгинелөөдө. Ал республиканын жазуучулар жана журналисттер союздарынын мүчөсү, калайык-калкка таанымал акын жана журналист, алты ыр жыйнагынын, «Ак-Талаа - куттун жергеси» аттуу тарыхый китептин автору. Акталаага «Талант» музейин түзгөн. 1998-жылы республиканын журналисттер союзу менен Нарын областык журналисттер уюмунун Сулайман Мамбеталиев атындагы сыйлыгынын биринчи лауреаты болгон. Өз кезегинде жаш акындардын республикалык фестивалынын да лауреаттык наамын жеңип алгандыгы поэзия күйөрмандарына маалым. Анын «Өмүр көчү -1» жана «Өмүр көчү - 2», ар бири 12,5 басма табактан турган көлөмдүү ыр жыйнактарына (1995-1997-жж) акын Шайлообек Дүйшөев, эл акыны Омор Султановдор баш сөз жазышып, Өмүрбектин бийик адамкерчилигин, адамкерчиликтүү поэзиясын бийик адамкерчиликтин нускасы менен ак дил, чын жүрөктөн баалашкандыктары бекеринен эмес.

Акын ыр жазуу менен гана чектелбей, элеттеги көркөм өнөр казынасын ачууга, кыргыздын элдик бай мурастарын топтоого, адабият, маданияттын айтымдуу өкүлдөрүнүн, белгилүү тарыхый инсандардын өмүр, ишмердик жолунун али белгисиз жактарын изилдөөгө чын дитин коюп, бала күнүнөн алар жөнүндө бай материалдарды чогултуп жүргөнү кубандырбай койбойт. Өзгөчө Нурдин Молдо, Тоголок Молдо, Муса Баетов, Сагымбай манасчы ж. б. тууралуу иликтөөлөрү жаңы табылгалар десек жарашат. Ө. Дөлөевдин Казыбек казалчынын өмүр, тагдыр жолу жөнүндө 1991-жылы эле «Кыргызстан маданияты» жумалыгы аркылуу кыргыз журтчулугуна тарыхый жаңы табылганы берген. Ошондон баштап Казыбек кайра тирилди, акын-жазуучуларга жаңы чыгармасы үчүн бул кеңири жол ачып берди. Өмүрбек Казыбектин элден чогулган, жарыкка чыккан жана чыга элек ырларын бүт топтоп, аны ыраатына жараша тарыхый мезгилдин өзүнө, ырлардын жазылыш учуруна жараша ирээттеп чыккан. Кыргыз адабиятына кирген казалчынын чыгармаларын атайын өзүнчө жыйнак кылуу (өмүр жолу менен бирдикте) Өмүрбектин негизги максатына айланып, Казыбектин 100 жылдыгына карата 2003-жылы «Бийиктик» басмасынан *«Казыбек. Канжандан чыккан казалдар»,* - деген атта жарыкка чыгарган. Анда *«Казыбегим - кайрылбаган каркыра» же казалчынын жубайы Зуурабү апанын айткандары»,* - деген Ө.Дөлөев жазган тарыхый баян бар.

Ошондой эле атактуу Ак Мөөр сулуу жөнүндө эл ичинде ар кандай кептер айтылып, бүтпөй келүүдө, Акталаада туулуп-өскөн, азыр да анын тууган-уругу жашап турган жергеде жашап, иштеген Өмүрбек отуз

жылдан ашуун мезгилден бери ал тууралуу элден материалдарды топтоп келген. Ага тарыхый көз караашта, калыс кароону, адилет баалоону максат кылып, Мөөрдүн ким экенин өзүнүн табылгасына жараша талдап чыккан. Бул окурман журтуна эч качан зыян алып келбейт деген пикирдебиз.

***Памирбек Казыбаев,***
***Алыкул сыйлыгынын лауреаты***

## АК МӨӨР - АКТАЛААНЫН АЙПЕРИСИ
### (тарыхый очерк)

Акын жана журналист, республиканын « Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси Ө. Дөлөев бул тарыхый очеркин кыргыз сулуусу Ак Мөөргө арнаган. Ак Мөөрдүн Ак-Талаанын кызы экенине, ал жөнүндөгү ар кандай ушак-айыңдарга терең анализ, журналисттик иликтөө жасаган. Кыргыз журтчулугуна Ак-Талаанын айперисинин жашоодогу ордун, ата-тегин реалдуу турмуштук чындык, тарыхтагы далилдер менен ачып берген.

## УЛАМЫШКА АЙЛАНГАН ПЕРИ

Ар бир кылымдын адамзатка беренеси, өзүнүн тарыхка сейрек жаратуусу бар. XIX кылым да кыргызына Соң-Көлдүн перисиндей сулуу, ажайып, чыгаан, көркөм пендени - Ак Мөөр сулууну, Адыл аттуу баатыр, Маржанкүл аттуу түштүк сулуусу, айчырай аялзаты аркылуу тартуулаган. Адыл - саяктын көрүнүктүү эрлеринин бири, колунда бар байы, өз оокатына, тың, урук-тууганы уңгулуу эрени, Жанболот баатырдын небереси Келдибектин эмчектеши, намысын алдырбаган жоокери.

Адылдын кызы Мөөр жаштайынан акылы тунук, ою чалкар, ар нерсеге көзү жетик өскөн, абийирдүү, акылдуу, кыргыз салтын өмүрүндөй баалаган, эне жолун жолдогон аялуу жан. Уламыштарга караганда болжолдо Болот Мөөрдүн бир тууганынан төрөлгөн же Мөөрдүн апасынын сиңдисинен төрөлгөн жээн. Мөөрдү хан Жантай өмүрлүк жар кылып алгандыгы үчүн “Ак Мөөр” аңызы, Октябрь ынкылабынан кийин эл ойлорун өзөктөп кеткен. Байдын, хандын зулумдугун, ач көздүгүн ачууда жаш кызды зордуктап алуу же алдыруу темасы биринчи планга чыккан. Партияга мындай нерсе оболу зарыл, элге анын таанылышында чоң роль ойногон. Мөөр, Жантай ушундай саясий драманын же оюндун башкы объектисине айланган. Болот - бечара жылкычынын кейипкери болгон.

Бир жагынан алып караганда сулууга кимдер гана суктанбайт, кимдер гана «жетсем» деп ашык болбойт, кимдер гана аны “менин жарым болсочу” деп эңсебейт. Бир үйдүн эле эмес, бүтүндөй айылдын, бүтүндөй саяк уруусунун жарыгына айланган, акыл эстүү-өсүп, талчыбыктай бурала, кер маралдай керилип, эң сонун чоңоюп, көз жоосун тартып келаткан Мөөргө ал кездеги боз уландардын көбү ашык болгону талашсыз. Ошол созсо кол жеткис, чакырса үн жеткис, жар кылып алууга жүрөк даабаган Мөөргө жигиттердин ичи күйбөй коймокпу. Анын үстүнө Адыл баатырдын айдыңы, анын бир тууганларынын сүрү, Адылды баштап турган, Мөөрдү баккан Келдибектин таасири сөзсүз тийген. Мөөрдү оңой-олтоң эле адам ала койбостугуна бөркүндөй ишенишкен. Айрыкча дуулаган жылкычылардын арасында да Мөөр жөнүндө көп сөз жүргөндүр. Бир айылда, бир жерде жашап, ал тургай кези келгенде кыз оюнда, бала кездеги бир

ойноп, колунан кымыз ичип, даам татып жүрүп эле анын ошончолук бийик жылдыз экендигин ак туюшкандыр. Ошон үчүн эч кимиси өзүнө жар кылып алуу жөнүндө эч бир ачыкка чыккан сөз чыгарбаса керек. Бирок, мүмкүн өз ара оюн-чындан Болотко ыроолошуп, "сага ылайык, сен Мөөр таеженди аласың" деп көкүтүшүп, макулдатышып, сүрөшүп, аны кандай жол менен болсо да алуунун жолун айтышкандыр. Бирге жүрүп, бирге өскөн, бир казандын ашын ичип, бир уянын балапанындай болуп калган Болот Мөөрдүн аны аруулаган кыял-жоругун, баскан-турганын оюна алып, жигиттик намысы козголуп, "чын эле, мен Мөөргө татыксыз белем" деп намысына келгендир. Улам жетилип, жигит аттуунун көзүн да, көөнүн да, сөзүн да тартып, жан дүйнөсүн ээлеп, ойго да, көзгө да толуп, айылды ажарлантып, элге кепке алынып бараткан Мөөрдү, мүмкүн сүйө баштагандыр. Айыл эли, саяктар, эл башы Келдибектер Болоттун ким экенин, эмне болуп Адылды мааналап жүргөнүн айныксыз билишет. Жүргөнү шойкомдуу, жаштайынан жаңылган, жаза баскан жигит актай дил Мөөргө жар болмокпу? Ошол Болотко саяктар ыраа көрмөкпү, жээн күйөө кылып алмакпы? Буларды ойлоп жети өмүрү жерге кирген Болот, ал, балким Мөөргө болгон сүйүүсүн эч качан сыртка чыгарбагандыр. Тымызын ичтен сызып эле өмүр өткөргөндүр. Качан гана Мөөр аны бир тууган катары жылкы кайтарып жүргөн жеринен атайын учурашып калууга чакыртканда сезими "дүрт" этип, өзүнөн-өзү жарылып чыккандыр. "Ии, Мөөр да мени сүйөт турбайбы. Болбосо ханга турмушка чыгып жатса, бир жылкычыны теңине алып чакыртпай эле коёт болучу. Демек, өз арманым өзүмдө, иттик менден кетти. Эмне болсо да мен дагы

ага ашыктык сезимимди билдирип коёюн" деп, адамгерчиликтин ченинен чыгып, ырдаса ырдай койгондур. Антейин десең, ошол кездеги нарк-нуска, эл ичин бузукулук, арамдык андайда өз баасын сөзсүз алган. Андай бир туугандыкты тепсеген, эсирип, көпкөндүк ошол замат Келдибек, Адылга, алардын үй-бүлөсүнө кыз-кыркын, жигит-жалаңы аркылуу дароо жетмек. Андайда Болот соо калмак эмес. Демек, "Мөөрүм" деп эч качан ырдай алмак да эмес. Мындай алганда, эгерде эле шайыр жана шойкомдуу, эр көкүрөк Болот "ырдады" деп санасак, анда Мөөр кеткенден кийин, артынан атайын жаманаттылап, ички арманы ашканынан ырдаган, ырдаганда да ушак-ыр тараткан. Ал бирөөлөр аркылуу жасалганы айныксыз.

Жамандык жерге жатабы. Хандын жары Моор болсо, а жылкычы Болоттон күйүт ыр чыкса ооздон-оозго көчүп кетет да. Эмне болсо да Болоттун жигиттик шойкомунан Мөөрдүн Мөөрдүгүнө шек келтирген ыр, сөз чыгып кеткендей туюлат. Мындан улам кандай деген күндө да Мөөрдүн махабат каарманына айланганынын себепкери - Болот. "Жел болбосо чөптүн башы кыймылдабайт" дегендей, Болот Мөөрдү жеңил баа кылган, анын алгачкы автору (мүмкүн Болот жээн ич күйдүлүктөн, аргасыз, алсыздыктан). Андан кийинки автору - партиялык доор. Эл оозунда дагы Болот ырын (мүмкүн аны эл ичиндеги ашыгына жете албай өксөп калган шайыр жигиттер ого бетер көбүртүп-жабыртып, көбөйтүп "Болоттун ыры" кылып учуруп жибергендир). К. Муфтак уулу жазып алганын, аны Калык акын абдан көлөмдүү поэма кылып жазганы белгилүү. Өзгөчө Калык Акиевдин варианты Октябрь саясатына абдан үндөш чыгып, Мөөрдү турмуштук Мөөрдүгүнөн саясат, сүйүүнүн "байкуш

Мөөрүнө" айландырганы, элге ал кеңири таралганы, "жаңы Мөөр" менен ой-пикирлерин ушул кезге чейин калыптаганы айдан ачык. Ошондой эле Шарип Көкөновдо, Алыкул Осмоновдо, Сүйүнбай Эралиевде, Абдрасул Токтомушовдо драма, поэтикалык көлөмдүү чыгарма болгон. Айрым жаштар проза жаратуунун аракетинде. Калык, Сарыкунан, Абдрашит, Ашыралы жана башкалар тарабынан элге дастан, жетпеген сүйүүнүн, өксүп калган арзуунун арманы катары тартууланган.

Эки кылымдан (1848-жылы 14 жашында Мөөрдү Жантай алып кеткенден) бери Мөөр элден-элге, жерден жерге булуттай көчүп, ойдон-ойго жамгырдай төгүлүп, баян болуп жашоодо. Аны ар бир кыргыз сөзгө алат. Элибизде Мөөргө кайрылбаган пенде жок чыгаар. Мен да Мөөрдү ар убак кыргыз керемети Соң-Көлдөн эч качан бөлө албайм. Баргым келе берет, дайыма баргым келе берет.

Эмесе, кымбаттуу окурман Мөөрдү силерге билишимче айтайын. Кошумчаңар болсо кошкула. Баа силерден. Мен "тиги" дегиле, "бу" дегиле, "антпегиле-минтпегиле" деп айта албаймын. Ак Мөөрдүн арбагы колдосун баарыбызды.

## ЖОО ЧАБЫШТАГЫ ТАБЫЛГА

Нарын облусунун Ак-Талаа районунун элинин басымдуу бөлүгүн саяк уруусу ээлейт. Анан калса бул чөлкөмдөн, дегеле Нарын жергесиндеги эзелки окуяларга саяктар аралашпай койбойт жана аттуу-баштуусуна келгенде деле алгач алардын кыйын-мыктылары айтылат. Кайсы бир санжыра, уламаны алсаң да анда сөзсүз саяктын атка минер эрлеринин,

манап, бийлеринин аты аталбай койбойт. Ошондой, өрөөндөгү тарыхый нерселерде Жанболот баатыр эң оболу сөзгө алынат. Анын жердеген жери, урук-тууганы өнүп-өсүп, бутагы жайылып, тамыры тереңдеген мекени - Ак-Талаа.

Уламышта, саякты Молдошакирден (Чекир молдодон) бери алсак, андан Куртка, Түгөл. Курткадан Кудайберди, Аккабак, Ыман. Курткадан үч уул болгон үчүн үч Куртка деп аталган. Жер бөлүштө (Тянь-Шанга келип) Соң-Көлдөн Нарын өрөөнүнө (Ак-Талаага) түшкөн ашуунун өндүрүндө күн чыгыш, күн батыш ортолук өндүрүндө жерлеп туруу менен жердин атагы да үч Куртка делип калынды. Кудайбердиден Күлжыгач, Чоро, Чородон Марка, Барчык. Барчыктан Карга, Тоймат, Жорукту, Кутуш. Тойматтан Жанболот, Чымынтай, Кенже, Жанбала, Чайыш, Сарткозу.

Жанболот энеден жетим калып, өгөйдүн колунда өсөт. Ал (Коңур эне) көп кордук көрсөткөндө жыга чаап, качып, Арстанбап, Чарбакка Кайдуулат, Токтоназар баатырга барат. Экөө уурулукка дайыма бирге чыгышат. Бир жолу Алайды көздөй бара жатса алдынан бир жөө киши учурап (Кызыр) эки нан бөлүп берип туруп айткан экен:

- Мындан ары уурулук нээтти коюңар. Жолуңардан сегиз карагер байтал учурайт, бир айгыр быштысы менен тогуз. Айгырдын оң кулагында сыргасы бар. Ошону айдап кеткиле - тукум болот. Мындан ары уурулук кылбагыла, - деп.

Токтоназарга берген нанын жеп алыптыр. Жанболот чекесинен бир тиштеп, кайра койнуна катса, тиштеген жери бүтүп калыптыр имиш. Ошон үчүн Жанболотко бак-таалай конду деп, ким болсо да табынып, багынып калган дейт.

Баягы жөө кишинин айтканы чын болуп, тогуз жылкы табылып, андан кийин ууру кылышпайт. Чын эле бышты айгырдын оң кулагы тилик сырга болгону үчүн, улам төлдөгөн жылкыларынын оң кулагына сырга салып жүрүүчү болгон. Эмдигиче ошол Жанболоттун тукумдары жылкыларына сырга салышат (Колдонуп калган). "Жанболот сыргасы" деп айтышат. Ошону менен Жанболот "баатыр" деген атакты алып, Арстанбап, Чарбак, Азирети Аюб жана Кегарт, Отуз-Адырды жердеп, сырттан Суусамыр, Жумгал, Кочкор, Нарын, Ак-Талаа (Куртка), Тогуз-Торо, Ат-Башы, Арпа, Ак-Сай жайлоолорунан өтүп, алыскы Кашкар шаарына чейин жортуп, баатырдык кылган. Ошол убакта Кытай падышасынын баласы саякат кылып, бир нече дүйнөсү менен Чатыр-Көлгө келип, сонундукка аңчылык кылып жатканда, Жанболот баатыр угуп, биздин Ала-Тоо арасына келген, менден жоопсуз аңчылык кылган ким? Балким, жер чардап теңчиликке келдиби? - деп барып, үстүнөн басып, карактап алып, Кытай падышасынын баласын өлтүрүп, Чатыр-Көлгө салып, көп дүйнөсүн (беш жүз кундузун) алган экен. Ошонун залдарынан кытайдын көп колдору издөө салып, Түп Бээжинден чыгышып, Тогуз-Тородо Жыртак Үңкүр деген жерден Жанболот баатырдын бир уулу менен кармап кетип, Түп Бээжинге алып барып, мойнуна күндө; зоолуу салып, жети жыл зынданга салган.

Бул арада Сарынын тукумунан деп алп (Чоң) Тобок баатыр деген адам экен. Тобок баатыр Жанболотту издеп, Түп Бээжинге үч жылда жетип, амандык кабарын алып кайтат... Экинчи жолу Тобок алп барып күч сынаган теңдешсиз эрдик менен Жанболотту уулу менен бошотуп чыгат. Уулу түрмөнүн

залдарынан жолдо кеселдеп өлөт. (Тоголок Молдо, Кыргыздар китеби -2.20-32-беттерден).

Жанболоттун саруу байбичесинен Кожоберди, Байбагыш, Рыскул. Бир аялынан Рысменде. Алтын аттуу казак аялынан Эралы, Дербишаалы, Бегалы. Байбагыштан Кубат, Кубаттан Келдибек. Рыскулдан Тайлак баатыр, андан Осмон датка. (Булардын таралыштарынан Мөөр баянына тийиштүүлөрүн гана алдым Ө.Д.).

Эми, бул Адылдын калмак экенинин маанисин төмөнкү түр менен баяндайбыз: Адылдын атасы Боркок дегенди (үч бир тууган экен) Жанболот баатыр бала чагында жортуулда жүрүп калмактан алып келген (Текес жактан). Үч баланын биринен кадимки Балбай баатырдын өмүр дегени туулат. Дагы биринен Боркок баатыр, андан Адыл. (Тоголок Молдо. Кыргыздар -2.18-бет).

Дагы бир айтымда, (Көл тараптагылардын айтуусунда) бир чабышта үч эркек, бир кыз колго түшөт. Бир баланы Сарыбайга, бир баланы Солтого, бир баланы Стамбекке, кызды - (аты Аккыз) Бирназарга берет. Бөрү Коңурат, Алдаш молдонун уулу Стамбек Жети-Өгүздө топ болгондо, ошол жерде Чүрүмдү Шапакка берет. Себеби, тың, чыйрак бала болот, негизи чочуйт. Чүрүм Шапакта тоңдуу уул. Шапак өзүнүн алты уулун үйлөндүргөндөн кийин Чүрүмдү "үйлөн" дейт. Чүрүм Тажыхандын кызы Бурумду алат. Андан төрт балалуу болот. Бирөөнү Шапакка берет. Белекте (Көлдө) төрт Карач бар экен: Алымбайдын чоң Карач (Тогуз-Булакта). Тоокенин бала Карач (Аралда), Шапактын Карачы (Жылуу-Булакта), Муратаалынын Карачы (Сарытологой).

Табылган балдардын биринин аты "Бүрүм" деп айтылат да, ал кимге кайсы жерге бергени белгисиз. Бирок, Солтого берилгени да Күрпүк баатыр аркылуу аныкталууда.

Ал эми калмак Базаркул Турумов, 31-август, 1984-жылдагы аңгемелешүүдө:

- Бир замандагы үркүндө төрт бала атка мине албай, журтта калып калышат. Колго түшкөн балдар Чүрүм, Табылтай, Боркок, анан бирөөнүн атын такыр эстей албай койдум. Же үч уул, бир кызбы эки түрдө айтылат. Саяктарга Боркок, Көлгө Чүрүм, Солтого бирөө, Табылтай Таластыктарга тиет да, кийин казактарга барып, тууганын тапкан деп имиштелет. Көлдө «Чүрүм уулу» 100 үйлүү. Карач деген баатыр чыгып, анын уулу Ордобай да укмуш экен. "Түптөн жолугуп, устуканын жегенмин" деп акем Жусубалы (Турумдун уулу Базаркулдун акеси) көп айтуучу.

Боркок бооруна тартынган боркогу бар бала болгондуктан "Боркок" аталып калган. "Калмак бала кайда? Боркоктуу калмак балага бер. Калмак баланы чакыр" деп айылда жалаң эле "Калмак" деп жүрүшүп, "Калмак" делингени ошондон. Жаштайынан күйдүмбыштым, эч нерседен кайра тартпаган курч, болоттой өткүр жигит тура. Бир жолу короо четинде, төө комдун арасында жатат. Бир маалда кой үркүп, Боркокту каптайт, бөрүнүн каарынан. Боркок жандыктарга аралашып, тура качат. Капыл-тапыл бет келе түшүп, кеп койго буйдалган карышкырды куйругунан кармап токтотот. Аңгыча айыл эли келип калып бакан менен чаап өлтүрөт. Ошондон тартып Боркок "Боркок" боло баштап, баштагыдан да аброю көтөрүлүп, элге Тойматтын бир уулундай эле сезилген. Ал тур-

гай чабуулдан өңөрүп келгенде Тойматтын байбичеси ырым кылып эмиссе, эмчегинен кадимкидей сүт чыккан. Байбиче “эмнегедир жаңы төрөгөнсүп ийип кеттим, уулума пайдасы тийчү азамат тура. Жанболотум менен эмчектеш болуп калды” - деп оңго жоруп, түлөө бердириптир. Атын азан чакыртып, “Боркок” коюшуптур. Мындай алганда саяктын бир бутагына айланган.

...Казак-кыргыздын бир жолку эрегишинде Боркок он беш, он алтыга барып, каруу-күчкө толуп келаткан убагында жылкычы экен. Үйүрлөр Орто-Сыртта багылып, ага барып карап турган. Жай ооп, күзгө тарткан мезгилде Орто-Сырттагы оолуккан жылкычылар “Жанболот жоого аттанды, сен каласыңбы?” -деп ичин козутушат. Кой тору деген күлүк атынын тилин бууп, табына келтирип жүргөн оттой жалындаган Боркок турчубу, “мен да барам” деп ээлигип жөнөйт. Айыл Нарын суусунун түштүк өйүзүндөгү “Шайлоо-Токой” (азыркы Үгүт кыштагынан Ак-Тал айылына чейинки токойдун чети, жайык жер) деп аталган жайыкты конуштаган, демейдегидей эле. Жээликкен жигит түндөп сабаган бойдон келет. Энеси жибербейт. Болбой көшөрүп атып, жол азыгын шашабуша байланып, аттанып кетет. Топко Кочкордун Сарала-Сазынан жетет. Кимди-ким билет ар кайсы айылдан өз-өзүнчө бараткан көп колдон. Бирок, Ак-Талаалыктардын колун табат. Бирөө таанып көрсөтпөй багып жүрөт. Байтиктин Басбөлтөгүнө баары чогулат. Ошол жерден майдан бүтүмү чыгат. Жанболот ошондо Боркокту байкап, “о, чунак десе кайдан жүрөсүң?” - деп чочуп кетет. Андан кийин көзөмөлгө алат.

Чабуул астында торала туу сайылып, бир кишиге бекем табышталат. Атына кишен салып, “Мобул

бала колдон чыгып жоголсо, башың ушул жерде калат", - дейт, Жанболот аттанып баратып. Мүмкүн "эс тартып калды, качабы" деген ойдо, анын үстүнө жоого барганга азырынча жаштык кылып бир мерт болбосун десе керек. Балким, баатыр жигиттин кыраа Жанболот келечегин көрө билип, баралына келгиче коё турайын дегендир. Боркок эл кеткенден кийин "акебай коё бер" деп жалынса да туу кармаган киши таптакыр ынабайт. Ачуусу келген бала камчысын шакшактап бүктөй кармап тизеге чаап ийсе коё берет. Кой торусу менен сабалап, кыргынга аралашат. Алса алып түшөт, алдырбайт. Сүрдөөндө келатса көп төөнүн изи көрүнөт. Баамчыл Боркок из кубалап четке чыгып кетет. Из бир жоголуп, бир табылып отуруп, бир маалда көп карааңга такайт. Жүктүү көп төөлөр. Артында атчан, курал-жарактуу жоокер. Курч жүрөк Боркок качырып сала берет. Түтүндөй түрүлүп келаткан учкаяк атчан жаш баатыр жигитке казак жигит түтүп тура албайт, бет келген жакты карай куюндайт, артына кайрылбайт. Жашы 17-18деп калган, кара далы кыз. ( Ал кезде жашы 15-16 дан өткөн кызды эле кара далы дешчү). Өңү чүрөктөй, сулуу казак кыз. Боркок кездиги менен буйласын кесип, кыздын атынын чылбырын мойнуна түрүп, басмайылын тартып, атты камчылайт. "Биз казакты чаап алдык, алдыга түшүп бастыр"дейт, алдына салып айдап алат. Ал кезде Жанболоттор жоону жеңип, туу түбүнө топтолушуп, Боркокту издеп чыр сала баштаган, туш-тушка киши чаптырып, издөө салдырган. Аңгыча Боркоктун 9 төөнү жүгү, айдай сулуу кызы менен олжолоп келатканын сүйүнчүлөп барышкан. Жанболот "бирөөнүн көзүндө, бирөөнүн сөзүндө бар" деп, Боркокту оң-солдун элине көрсөтпөй койгон. Эки төө Таласка, үч төө Чүйгө,

эки төө Көлгө, эки төө Нарынга, анын бирөө саяктарга бөлүнгөн. "Өз олжосун өзү албайт" деп, анын үстүнө "казак тукумчул болот" деп жөрөлгөлөп, ошол Алтын аттуу сулуу казак айымды Жанболот колукту кылып алган. Андан төрөлгөндөр, ошондон улам "казак уруусу" аталып калган. Азыр Ак-Талаада Жанболот тукумунун басымдуу бөлүгү Алтындын "казактары" (Эралы, Дербишалы, Бегалыдан тамыр жайгандар). Мисалы, Эралынын бир аялынан эле Айчочон, Карабай, Баатай, Абыласан, Борош - беш уул болуп, мындан Баатай мыкты аталып, анын Касымбеги оң-солго таанылган. Ушундан улам Боркок саяктардын тукумунун көбөйүп өсүүсүнө, Жанболоттун жеке өзүнүн даңкынын күчөшүнө да бараандуу салым кошкон. Кайда жүрсө чогуу бастырып, дайыма эрдик көрсөткөн.

"Атадан алтооң туулсаң да, ар жалгызың башыңда"дегендей, көп убакта тууганга тууган деле бас талашып, биринен-бири өйдөсүнүп, көрө албаган учур дайыма илгертеден боло келген. Саяк ичинде ар ата уулунун тукумдары бир-бирине жоолашкан. Барчыктан Карга (Чоң чарык уруусу), Тоймат болсо, Чоң чарыктар Тойматтын уулу Жанболотко ар дайым бут тосушкан (эки бир туугандын эле балдары). Жылкычыларын жоон топ киши болуп камданып келип сабап, семиз-семиздерин четинен кармап союшкан. Жанболот баатырдын "боконого бычак сындырып", теңелбешине көзү жетип, жаман жоруктарын жасай беришкен. Теңелсе "Жанболот туугандары менен кырылышып жатат" деп элге-журтка жаман аттуу болорун билишкен. Айрыкча Байжан деген Чоңчарыктын кыйыны Жанболотко дегеле тынчтык бербеген.

Жанболот бир жолу жортуулдан келатса жолдон бала ыйлайт. Түшүп караса бешикте, чолпондой болгон эркек бала. Ал кезде котур, чечек сыяктуу оорудан түндөп качып көччү тура. Ошондой буйдамга келтирбеген көчтө жаш келин уктап кетип, өңөргөн бешиги кала берген көрүнөт. Баатыр үйгө өңөрүп келип, атын Жолдубай коёт. Ал эрезеге жетип, Боркок менен бир өсөт (Азыр Жолдубай уулулар бар). Боркок экөө жылкы кайтарат. Байжандын жоругу булардын да сөөгүнө жеткен. Бул жолу Байжан жолоочулап бир жактан келатып эле, тийиштик кылганы буларга бурулуп, "согум бергиле, алып кетем" дейт. Жүйөө айтса болбойт. Экөөнү камчы менен башка тартып-тартып ийет. Мынчалык ыза көрбөгөн экөө бир семиз бээни кармап, ноктолоп берет. Камырабай эле согумун жетелеп бастыра берээрде Боркок айбалтасын шилтеп калат. Шилиси кыйылган Байжан ошол жерден жан берет. Жолдубай экөөлөп атка таңып, Соң-Көлгө чыгып барышкан. Чоң чарыктар Байжанды шек билгизбей көөмп алышкан да ошол бойдон мизи кайткан. Жанболот ошондон кийин Жанболот болуп, жол ачылып, тууган-уругу да "бир кол" болуп, арааны ачылып, бактысы жогорулаган.

Ушундан улам, "Калмак" деген эле жогорудагыдай оюн-чынынан айтылган атыбыз болбосо, даана "саякбыз". Уламышта саяктын өзү деле биздин түпкү "табылган" атабыздай, селсаяк турбайбы. Теңир тоо чөлкөмүндө жалгыз гана Ак-Талаа районунда "Калмактар" деген уруу - биз жашайбыз. Анын ичинен Тологок Молдо атындагы чарбада, Кара-Ойдо отуз түтүн. Жеңиште он төрт түтүн калмак жашайт. Ага-туугандар Чүй, Ысык-Көлдөн бери тараган. Бишкекте, кудая шүгүр тукумдарыбыз турат. Негизи, эзели

Боркок уулу эч нерседен ыдык көрбөй жашап келишкен. Азыр да кудайга тобо, жаман эмес, - дейт.

## БОРКОК БААТЫР

Боркоктон Адыл, Бердибек, Бай. Байдан Бугучу, Шадыкан, Атыкан, Маралчы, Эгемберди. Бугучудан Урум, Турум, Муса, Шүкүр. Турумдан Жусубалы, Базаркул. Базаркулдан экс-агартуу министри, коомдук ишмер Мукаш Базаркулов, партиялык, советтик кызматкер болуп Ак-Талаага таанымал Муктар Базаркулов. Шадыкандан Мурзалы, Тынаалы, Молдаалы, Молдокан. Атыкандан Жүзү, Кадыр. Аркарчыдан Көлбай, андан Кыдырма, Кыдырмадан Абыл, Абылдан Шаршеналы, Дүйшөналы. Ошондой эле Кыдырманын Орозбек, Досмурат балдары. Досмураттан Жолдубай, Маралчыдан белгисиз. Байдын бул беш уулунан төрөлгөндөр Ак-Талаа районунун Жеңиш, Тоголок Молдо атындагы чарбаларында турат. Ал эми Байдын алтынчы уулу Эгембердиден Акмат. Ал сот болуп турган, Ысык-Көлдүн Түп районунда. Акматтан Абылай. Абылайдын баласы врач - Түптө. Жеңиштик туугандардан Торсунке аке катышып турат.

Бердибектен Калы, Нуркул. Калыдан Сөйкө, Үмөт. Нуркулдан Мамыт, Шакир. Мамыттан Талин, Карып, Шакирдин кызы Кара-Ойдо врач. Бердибек уулунун укум-тукуму бүт Ак-Талаа районунун Тоголок Молдо атындагы чарбасынын Кара-Ой айылында турушат.

Адылдан Өмүр, Саркалча, Ажы, Төлөмүш, Каратай, Мөөркан. Өмүрдөн Канаалы, Жумаалы, Убаалы. Саркалча тукумдары да бар. Экөөнүкү тең Кара-Ойдо-

Ак-Талаа району, Тоголок молдо чарбасы. Ажыдан Андаш. Андаштан Сулайманкул. Андан Төлөгөн, Төлөназар (Жеңиш чарбасында). Төлөмүштөн Турдубек, Асанбек (Чүйдө, Кеминдин Орловка кыштагында). Каратайдан Кыдыргыч. Кыдыргычтан Жусубалы, Мамбеталы. Жусубалыдан Капар. (Тоголок Молдо чарбасынын Кара-Ой айылында).

Мөөркандан (1834-1869-ж.ж.) Мунайтпас (1857-1920-ж.ж.), Калый (Көл башына күйөөгө берген), Токтонай Токкожо деген киши багып жүрүп, кичинесинде өлгөн. Мунайтпастан Чыныке (Чоң-Кеминде), Жамалидин (бала чакасы Рыбачьеде), Мария ( Ысык-Көлдүн Чоң-Сары-Оюнда), Нурийла (Тоң районунун Ак-Сай кыштагында), Алиман (Жети-Өгүздө). Мөөркандан - Акмөөрдөн хандын көрөөр көз айымынан төрөлгөн бул уул-кыздар кыргыздын кадимки тарыхый хан Жантайынын өз тукумдары.

Өз мезгилинде Адыл, Бердибек, Бай өз элинин тың чыкма баатыр уулдары болгон. «Калмак" жигиттер жөнүндө ушул кезге чейин аңыз кеп токтобой, бүтпөй келет. Замандын да кыл чайнаган нечен айкаштарында алар атанып чыккан. Нечен курдай кыргыз намысын, саяк элинин, Ак-Талаа жеринин намысын коргоп, туусун көтөргөн. Тубаса кайраты, табиятынан атадан балага уланган кайра тартпас көк жал эрдиги, көктүгү менен кыйырга таанылган. Ал турсун кечээ эле көзү өткөн Каратай "Адылдын Каратайы", "Калмак Каратай баатыр" деп ченден бөлүнгөн. Эл журтунун ары-коруна тике турган.

Абдыкалык Чоробаевдин «Тайлак баатыр» китебинде Тайлактын эл коргоп, баатырдык кылган жигиттеринин ичинде Байкалмак, Бердибек эрендери аталат. Менимче, Бай-Боркоктун бир уулу «Бай баа-

тыр» болсо керек да, ага калмак же кайсы Бай десе «Байкалмак» деп аталып кийин кошулуп жазылып калгандыр. А, Бердибек болсо, ал да Боркоктун бир уулу. Ушундан улам Боркок уулунун кыргыз элиндеги оңой эмес кызматын баамдаса болот.

Боркок уулулар тээ Никелей доорунда, андан мурда, кийин партия тушунда да аттуу-баштуулук, эл башында болуучулук, илим-билимге, зор эмгекке умтулуучулук кереметинен эч бир тайыбаптыр жана тайыган жок. Азыр да Мукаш Базаркулов (министр, Таласта биринчи секретарь, Борбордук комитетте жооптуу кызматчы, азыр Чүй облусунун агартуу бөлүмүнүн башчысы) баштаган "калмактар" ак эмгеги, маңдай тери, билими, кара күчү, акылы менен эч кимге көз карандысыз жашашууда. "Калмактарга" мүнөздүү нерсе: жасакерчил, жойпу, кошоматчы эмес, карапайым, ишкер, өнөрлүү, терең акылдуу, жөн билги, сөзгө турган так, ар-намысчыл, кайраттуу, бирөөнүн көзүн карабаган, билимдүү, турумунда балбан билек, күчтүү, баатыр мүнөз адамдар.

Санжырадан эле "калмактардын" тээ түбүн карасаң тарыхый эр жүрөктөр: Солтодон Күрпүк баатыр, Көлдөн Балбай, Өмүр, Карач, Ак-Талаадан Боркок, анын биз билген Адыл, Бердибек, Бай, Каратай баатырлары кыргыз көзүнө от болуп күйүп, жарыгын, жылуулугун бүгүнкү күнгө - муундарга берип жатпайбы. Андан да бири Көлдө бугуда, бири Чүйдө солтодо, бири Теңир-Тоодо саякта (Таластагы белгисиз) баатыр чыгып, чыкканда да өзү кошулган уруунун "мен кыйын" дегенинин жоо тоскон калканы, сайган найзасы болсо, көлдүк Шапактын кызы Жайдакени Сарбагыш Атаке баатыр алса "Калмактын" канаты сөзсүз жайылат да. Өткөн, жомоктой кызык кепке айланган

Боркок анын бирге табылган тууганрдарынын урук-тукуму, өзүнүн балдары эмес, баласынын небереси, мен көп жолугуп сүйлөшкөн, бир аймакта ирегелеш жашаган Базаркул акенин уюткан коргошундай балбан келбети, көмкөргөн казандай далылары, чулу, нык тулку-бою, баатыр түспөлү көзү өткөнчө табигый көрүнүшүнөн жазган жок, карыганда да баштагы эле нугунда жүрдү. Бул кишинин ченемсиз күчү, балбандыгы жөнүндө бүгүнкү күндө да эл ичинде аңыз кеп бар.

Ким билет? Мүмкүн, Тоголок Молдо бабабыздын жазмасындай Текестеги бир, тепсе темирди үзгөн, сөзгө, шертке таштай бекем, болоттой өткүр, бөйрөгүн сууруп алса да "Кың" деп сырын жатка чыгарбаган, касына канжардай сайылган, досуна өмүрүн арнаган баатыр калмактын канынандыр. Балким, закым менен жарышып, талаа-чөлдүн арстаны аталып, элинин кайгысын найза кылып жоо сайган, калкынын күлкүсүнө салтанат курган түрк эренинин бир тукумудур... Эмне болсо да тегин жерден күйүп чыккан оттор эмес. "Аккан арыктан суу агат" дегендей, өзөгүндө өрт жанган мурастар экени талашсыз. Анан ошол тукум баатыр кыргыздын канына аралашса оңордой бала жаралабы?!

## АДЫЛ БАЯНЫ

Адыл, анын бир тууганрдары төбөсү кыргызга Жанболот менен бирге көрүнгөн Боркок баатырдай эле кийин да Жанболоттун тукумунун "мен кыйын" деген балдарындай, небере-чөбөрөсүндөй өз ордун сактаган. "Адыл, Бердибек" (Бай анча кеп болбойт. «Тайлак баатыр» китебинен башка жерде) деп бирге айты-

лып, тарыхый булактарда, эл оозундагы санжырада "Адыл бий", "Адыл баатыр", "Адыл найзакер" деген, Адылдын жеке турмуштук туруму, саяк ичиндеги озук даңазасы кеп болот. Ошол эле учурда жылкысы 500, койлору 500дөн ашкан, оокат, бийлик, күч, эр өнөрү жагынан эч кимдин көзүн карабаган бай адам. Кадыры кимге болсо да өтүп, Түштүккө күйөө бала, экинчи аялы өзбек калкынан деп да кеп жүрөт. Көлдө Балбай, Өмүр, Карач баатырлардай, Солтодо Күрпүк баатырлардай таяныч, тиректери, Шапактын кызын Сарбагыш Атаке алгандыктан, аларга да чалымы, кыя өтпөгөн сыйы бар. Саяктарда, анын чыгаан бир уулу катары өз энчиси өзүндө. Жанболоттон Байбагыш, андан Кубат, Кубаттан Келдибек, Келдибектен Ысрайыл, Нурак. Баатырдын небересинин уулу атактуу Келдибек менен Боркок баатырдын уулу Адылды эмчектеш кылгандыктан, экөө өмүр бою ирегелеш жашап, жоону сайса бир сайып, кайда барса бир жүргөн эмеспи, кол кармашып. Ошол үчүн Мөөрдү Келдибек багып алган да. Анан калса Жанболот тукумунан Нарындын эки өйүзүн Ак-Талаада көп жылдар бою Келдибек, андан кийин Келдибек уулулар бийлеген. Бул Адыл бийге, анын урпактарына да тийиштүү дөөлөт экени талашсыз. Мөөрдү Келдибектин багып алышы да өзүнчө мааниге ээ болуп жатпайбы.

Адыл, Келдибек, Болот, Мөөр туурасында ондогон адамдардан уксак да, алар жөнүндөгү тагыраак, кененирээк түшүнүк барып-келип эле Тоголок Молдонун айтууларына (Кыргыздар - 2-китеби, Бишкек, "Кыргызстан" басмасы. 1993-ж.) такалат. Себеби, абышка-кемпирлердин аңгемелери кээ бириники эле өзгөчөлөнбөсө, калганы ошол эле Тоголок Молдонун жазмасына жетип-жетпей, ар кайсы жерлери чолуп

сүйлөнөт. Ошондуктан, Тоголок Молдонун жазмаларынын айрым жерлерин ошол бойдон же кыскартып пайдаланууга туура келди.

Ормондун тирүүсүндө чоро Тайлак баатырдын (Жанболоттон Рыскул, андан Тайлак, Тайлактан Осмон, Осмондон ~~Баракан,~~ Төрөкан, Мамыркан, Ботокан жана башкалар) уулу Осмон датка кудалашып татуу болгон (уулу Ботоканга Ормондун кызын алып берген Ө.Д.).

...Ошону менен Ормон кызын жайып жатып, көп дүнүйө менен берип, Чоро Осмон, же болбосо Чоронун чоңдоруна татуулук менен турушкан дейт. (Үчкурткадан Кудайберди, андан Чоро, Чородон Барчык, Барчыктан Тоймат, Тойматтан Жанболот. Чоро аталганы тигил Чоронун наамынан Ө.Д.) Мына ошонун натыйжасында Ормондун уулу Үмөтаалы, Чаргын Арпанын бетине жайлап, чоро Келдибек, Баатай (Жанболоттон Эралы, андан Баатай Ө.Д.). Осмон даткалар менен бирдикте, ынтымакташып турушат. Бир күнү Үмөтаалыдан акыл чыгат: "Акыры бугудан кегим кетпейт (Ормондун куну). Ошон үчүн "бугуну чаап алалы" деп азгырганда, Келдибек, Баатай, Осмон даткалар "макул" дешип, Арпанын бетине жайлаган бугунун бир топ айылын чаап, жылкыларын, койлорун талап алышат. Ал малдардын көбүн Үмөтаалы олжолоп, ошондон тартып түндөп козголуп, жапырт Кочкорду карай көчүшөт. Себеби, бугунун айлы, жасоолу эң эле көп, Арпанын ар бир жерлеринде, жаки Көл башынан бери көп жыйылышып көлишип, Ат-Башы өрөөнүндө турушкан.

Ошондой, Үмөтаалынын азгыруусу боюнча бугунун бир айлы бүлүнүп, чабылып калган үчүн кектүү болушат да эки миң кол менен бугунун көл башынан

берки мыктылары кыштын кыраан чилдесинде Арпадагы Келдибек, Баатайдын айлына (мында сөзсүз Адылдын айлы кошо жүргөн, эч качан Келдибектен бөлүнгөн эмес. Ө.Д.) жөнөшөт.

...Эки жасоо беттешкенде "Жекеге!", "Жекеге!" — деп чакырышканда Бугунун бир баатырына Ысрайыл (Келдибектин уулу) бет болуп чыгып, ыргыта сайган дейт. Экинчи жекеде Болот баатыр (Боркок уулу Адылдын жээни) сайып түшүрөт. Аңгыча Ат-Башынын өрөөнүнө жогору качат... Ошону менен эч ким токтобостон, бугунун көп колу артка чегинип жапырт качканда артынан кууп-сайып, нечен жүздөгөн элдерди ат-тондорунан ажыратып, сайып алып олтуруп, Кожогулдун сайынан (Масейилдин белинен) Чеч-Дөбөгө чейин сүрүп, Чоронун үстөмдүгү болгон дейт.

...Демек, Келдибектин Каракашка атынын тили жүгөндүн сүзмөсүнөн чыгып калып, тил үшүп, түшүп калып өлгөн болсо, үстүндөгү кадимки Болот (Адылдын жээни Ө.Д.) баатыр жеке гана далайды сайып жыгат.

...Болот баатыр өзү Адылдын, Бердибектин жээни, Мөөр деген таежесин алам деп, жигиттик жашка толуп, Мөөр да он бир-он экилерге келип калган чагы дейт. Демек, Мөөрдүн мурунку кайны Көл башындагы бугулар болуп, ошол келген колдун ичинде экен. Ошон үчүн Келдибектин Каракашка атын минип, кылычын жалаң билегине илип, тыгы болот уңгулуу найзаны алып, Болот баатыр жаалданып аралап кирген дейт. Чындыгында Болоттун ою ошол колдун ичиндеги Мөөрдүн күйөөсү, алуучу жак, же болбосо кайын атасы колго тийсе күм-жам кылып, биротоло Мөөрдүн башын ажыратып койсом деген максатта, бет алдына келген кишини тирүү койбой сайып өлтүрө

берген дейт. Бирок, Мөөрдү алуучу жактардан ал зыяндын ичинде жок, аман кеткен окшойт дешет. (Тоголок Молдо. Кыргыздар. 2-том.33-беттер. Тийиштүү гана жери алынды Ө.Д.)

...Бугулардын көп кишилери өлүп жана жеңилип келгендигинин зити менен Көл башындагы көп бугулар келип, кыштын күнү Арпага бет алып жөнөгөндө, Арпанын бетиндеги Чоронун айылына жетпестен, Көйгаптын талаасындагы Калмак Адыл дегендин үч жүз жылкысын жана Адылдын катын-баласын, он бир баш бүлөсүн чаап кеткен. Жолдо бара жатып балтыр бешик эркек баласын кардын үстүнө жылаңач ыргытып таштап, он бүлөсүн олжолоп алып кетишкен. ...Бул Адылдын үч жүз жылкысы менен катын баласын издеп суроо салып, жаки намысын алып бербестен, чоролор жатып алган соң бир жылдан кийин Адыл өзү кадимки Карабагыш Болот баатырды (Мөөрдү ырдаган жээни), ээрчитип алып, Көл башындагы өзүнүн аталаш тууганы Өмүр баатырга барып тууганчылыгын айтып жатып намысын Өмүр аркылуу... кууйт.

Адыл менен Болот баатыр экөө барганда бугунун мыктылары: Карач баатыр, Боромбай баатырларга Өмүр кажырын салып, Адылдын үч жүз жылкысынан бир жүзүнүн көзү болгондуктан чогултуп берет. Катын-балдары Тынымсейит Алыке баатырдын колунда калган экен. Алыке баатыр Нарында. Ошон үчүн Карач баатырды, Адылдын жанындагы Болот баатырды ээрчитип алып, Нарындагы Алыкеге жөнөйт.

Карач барса Алыке тоотпой коёт. Кайра Көлгө келип, Боромбайга ызасын билдирсе, түндөп миң кол топтоп берет. Андан үч жүз гана киш'ı тандап алат. Түндөп келип Алыкенин айлына жатı п калат, сөзгө келбесе чаап алууну билдирип.

...Эртең менен болгондо Алыкенин жылкысынан, айлынан жүз элүү жылкы карматып, Адылдын катын-баласын атказып алып, "мырза чабуул деген ушул болот" деп, үч жүз колуна "эки оборадад бир" деп жылкы бөлүп берип, Көлгө жүрүп кетти.

Көлгө барып, Адылдын катын-баласын тапшырып, жыйнап берип, Чорону көздөй жөнөттү. Өмүр баатыр Адыл тууганына жүз жылкысынын көзүн таптырып бериптир. (Тоголок Молдо. "Кыргыздар" 2-том. 18-20 беттер. Кыскартуу менен алынды. Ө.Д.).

...Кийинчерээк Шабдан ыктыярдуу отрядга начандик болгон учурда узун сакал майырды бир нече казак орустары менен ээрчитип, Жумгал, Кочкор жактарды уюштуруп, оруска багынтып (каратып) Нарын өзөнү жана Фергана өзөнүнө бет алып келе жатканда Тайлак баатырдын уулу Осмон датка "оруска сурак бербеймин" деп өзүнө караштуу элин көчүрүп, Кытайды (Кашкарды) карай көчөөрдүн алдында жасоосун айрып туруп, камына утурлап (Тогуз-Тородо) Шабданды басып, узун сакал майыр терекке чыга качып, Баяке баатыр жана боркемик Райымбекти, Келдибекти (эл айтымында Адыл да Келдибек менен кошо кармалган Ө.Д.) кармап, колго түшүрүп, байлап кетет. Ошол бойдон Көгарт ашуусун ашып Кулданбестин алкымы менен Кашкарга үркүп барып, он бир жылга дейре Кашкардан келбей, оруска сурак бербей турган. Акырында Мамыркан деген Осмон датканын уулун орустар ак үйлүүгө (туткунга) кармап жатуу менен он бир жылдан кийин бардык эл тегиз багынды деген кабар менен жана Мамыркандан атайы киши барганда келген экен... Ошол баласы (Мамыркан Ө.Д.) ак үйлүүдө жатканына карабастан Осмон Кашкарга эли менен качкан (Тоголок Молдо. Кыргыздар 2-том. 67-68-беттер кыскача алынды Ө.Д.).